**«БЕКИТЕМИН»**
**Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдеринин доктору, профессор Канатбек Азиз**

**Бишкек шаары** **«24» декабрь 2021-ж.**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий жана социологиялык илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңештин 2021-жылдын 24-декабрында өткөрүлгөн жыйынынын №22-протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

**Катышты:**

1. Канатбек Азиз – саясий жана юридикалык илимдеринин доктору, профессор (Диссертациялык кеңештин төрагасы)
2. Абдрашев А.Б – саясий илимдеринин доктору, профессор (Диссертациялык кеңештин төрагасынын орун басары)
3. Абдыраманова Ч.Ш – саясий илимдеринин доктору (окумуштуу катчы)
4. Артыкбаев М.Т – саясий жана философия илимдеринин доктору, профессор
5. Дононбаев А.Д - саясий илимдеринин доктору, профессор
6. Жоробеков Ж.Ж – саясий илимдеринин доктору, профессор
7. Мендибаев Н – социология илимдеринин доктору, доцент
8. Исаев К.И - философия илимдеринин доктору, профессор
9. Омуралиев Н.А – социология илимдеринин доктору, доцент (online)
10. Сааданбеков Ж.С - саясий илимдеринин доктору, профессор
11. Сайтбеков А.М – саясий илимдеринин доктору, доцент (online)
12. Салморбекова Р.Б - социология илимдеринин доктору, профессор
13. Акунов А.А – тарых илимдеринин доктору, профессор

**КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

1. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн корутундуларын кароо:

1.1. Камчибекова Саипжамал Молдошовна 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» аттуу темадагы диссертациялык ишин алдын ала коргоо.

**- Диссертациялык кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдеринин доктору, профессор, Канатбек Азиз:** Сөз диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысына берилет.

**- Окумуштуу катчы, саясий илимдеринин доктору Ч.Ш.Абдыраманова:** Изденүүчү С.М.Камчибекова аттестациялык делосунда төмөндөгүдөй документтер тиркелген: арыз, өздүк баракча, жогорку билими жөнүндөгү диплому (Ош мамлекеттик университетинин, “Социалдык иштер”адистиги), кандидаттык минимумдарды тапшыргандыгы жөнүндөгү күбөлүк, кафедрада диссертациялык иштин

талкуулангандыгы боюнча: Ош мамлекеттик университетинин окумуштуулар кенешинин токтомунан көчүрмө, илимий жетекчинин пикири, жарыяланган илимий макалалардын тизмеси, Ош мамлекеттик университетинин социалдык иштер жана коомдук илимдер кафедрасынын кеңешмесинин кеңейтилген отурумунун токтомунан көчүрмөлөр, диссертациялык иштин темасы жана илимий жетекчинин бекитилгендиги жөнүндөгү диссертациянын авторефераты, "Антиплагиат" программасы аркылуу текшерилгендиги жөнүндөгү справка.

- Илимий жетекчи: Исаев Кусеин - философия илимдеринин доктору, социология профессору

- Диссертациялык иш ОшМУнун юридика факультетинин социалдык иштер кафедрасында аткарылган.

- Иштин жыйынтыктары 12 макалада чагылдырылган. Алардын ичинен 8 макала КР ЖАК тарабынан сунуш кылынган тизмедеги басылмаларда, 4 макала чет элдик илимий журналдарда жана жыйнактарда жарык көргөн.

- Диссертациялык иш киришүүдөн, тогуз бөлүктү камтыган үч баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

2021-жылдын 24-декабрындагы Д.23.20.611диссертациялык кеңештин отурумунда изденүүчү С.М.Камчибекованын диссертациялык ишин карап чыгуу үчүн: саясий илимдеринин доктору, профессор Ж.Ж.Жоробеков, социологий илимдеринин доктору, доцент Мендибаев Н, социология илимдерпин доктору, профессор Р.Б.Салморбековалар дайындалышкан.

- **Диссертациялык кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдеринин доктору, профессор, Канатбек Азиз:** Урматтуу коллегалар! Диссертациялык ишинин негизги жоболору менен тааныштыруу үчүн сөз С.М.Камчибековага берилет. Докладдын убактысы 10 мүнөт.

## УГУЛДУ:

- **Изденүүчү С.М.Камчибекова:** Урматтуу төрага, Урматтуу диссертациялык кенештин мүчөлөрү! Сиздерди «Жарандык идентүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө » деген аталыштагы диссертациялык иштин маңызы жана натыйжалары менен тааныштырууга көңүл буруунуздарды суранам.

Көп улуттуу Совет өлкөсүнүн кыйрашы менен жана XXI кылымдын негизги чакырыгы болгон ааламдашуу процесси советтик иденттүүлүк менен бириккен ар бир улут үчүн өзүнүн этностук, жарандык, социомаданий ж.б. иденттүүлүктөрүн аныктоо зарылдыгын пайда кылды. Постсоветтик мейкиндикте жаңыдан пайда болгон ар бир өлкө жарандык иденттүүлүктүн өзөгүн түзгөн өзүнүн улуттук тилин, маданиятын, каада-салтын сактап калуу багытында изденип, мамлекеттик жана жарандык коом деңгээлдеринде тиешелүү иш-аракеттерди, окумуштуулар илимий изилдөөлөрдү жасап жатышат.

Азаттыкта жашоо жана аламдашуу процесстери адамдардын турмуштагы пайдубалдык баалуулуктарынын, жашоодогу максаттарынын жана бүтүндөй жашоо образынын трансформацияланышына алып келди. Мындай коомдун өнүгүү багытынын өзгөрүшү, өз кезегинде, анда «эски» жана «жаңы» түшүнүктөрүнүн карама-каршылыгын курчутту. Иденттүүлүктө да советтик иденттүүлүк эски катары жоюлуп, "Кыргыз жараны" иденттүүлүгү жаңы катары калыптана баштады.

Кыргызстан азаттыкка жетишкенинден бери 30 жылдык мезгил өттү. Өлкөбүздүн ушул түрдүү тарыхый окуяларга бай өнүгүү жолунда таасири ондогон жылдарга мамлекеттин өнүгүү векторун аныктоочу, позитивдик жана негативдик мүнөздөгү, терең социалдык-саясий, экономикалык, маданий процесстер жүрүп, алардын кээ бирлеринин аягы көрүнбөй, бүгүн да уланып жатат. Алардын бири иденттүүлүк маселеси менен байланышта, б.а. калыптануу процесси аяктай элек жарандык, улуттук ж.б.

идентүүлүктөр. А түгүл, бир эле коомдо жашагандыгына карабастан, улуу жана жаш муундун ортосунда идентүүлүк түшүндүктөрүндө муундар аралык айырмалануу келип чыкты. Кыргызстанда улуттук идеологиянын иштелип чыкпагандыгы менен тургундардын аң-сезиминдеги жарандардын идентешүүнүн төмөнкү деңгээли байланышта десек жаңылышпайбыз. Жогоруда белгиленгендей, азыркы учурда совет доорунда күчтүү коммунисттик идеология, жогорку деңгээлге турган эски «советтик идентүүлүк» бүгүнкү күндө өз күчүн жоготту. Натыйжада Кыргызстанда да, эркиндикке жеткен башка советтик республикалардагыдай, «идеологиялык вакуум» пайда болду. Мындай кабыл алынган бирдиктүү улуттук идеологиянын жоктугунан калктын, айрыкча жаштардын, арасында түрдүү идентүүлүктөр калыптанууда. Анткени, идеологиялык боштукту ааламдашуу процессинин таасири менен кирген, элдин табиятына жат батыштык, диний жана башка түрдүү көз караштар толтурууда. Бул абал этникалык чөйрөдө мамлекеттик саясаттын эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана элдин биримдигин бекемдөө максатында 2020-жылдын ноябрь айында жаңы расмий документтин – КРда 2021-2026 жылдарда “Кыргыз жараны” жарандык идентүүлүгүн өнүктүрүү Концепциясынын [119] кабыл алынышына алып келди.

Идентүүлүк түшүнүгү 1960-жылдардан тартып илимий чөйрөдө теориялык жактан жигердүү изилденип баштаган болсо, ааламдашуу шартында бүтүндөй адамзат коому социалдык, саясий, экономикалык, маданий жактан зор өзгөрүүлөргө дуушар болуп, бул маселени кайрадан карап, аны теориялык жана эмпирикалык жактан изилдөөнүн актуалдуулугу жогорулатты. Идентүүлүктүн деңгээли Кыргызстан сыяктуу полиэтникалык мамлекет үчүн өлкө биримдигин, мамлекеттүүлүктү сактоо маселеси менен тыгыз байланыштуу. Инсандын жарандык идентүүлүк маселеси илимдер аралык мүнөздө болгондуктан бул темага социалдык жана гуманитардык илимдер багыттарында изденген атактуу окумуштуулар кайрылышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Алардын катарында социологдор Дж.Мид, Р.Тернер, Ч.Кули, Т.Лукман, Р.Лэйнг, И.Гофман ж.б. идентүүлүк проблемасын инсандын «мен» түшүнүгүнүн негизинде, философтор - Г.Л.Тульчинский, Ф.Кессиди, В.Хесле аны ааламдашуу процессинин бир жагдайы, тарабы катары карашкан.

Идентүүлүк маселеси, жогоруда айтылгандай, дүйнө окумуштууларынын илимий эмгектеринде ар тараптуу изилдегендигине карабастан кыргыз коомундагы жарандык идентүүлүктүн азыркы учурга чейин жетиштүү деңгээлде иликтенбегендиги, айрыкча этностук кесилиште салыштырып талданбагандыгы диссертациялык изилдөө темасынын «**Жарандык идентүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө**» деп аталышына негиз болду.

Кыргызстандын тургундарынын жарандык идентүүлүк түшүнүгү, идентешүүсү эски советтик идентүүлүктөн өзгөрүп, жаңыдан “Кыргыз жараны” идентүүлүгүнүн калыптанышы; ага таасир кылган факторлор жана шарттар, азыркы калыптанган ортолуктагы идентүүлүк натыйжалары илимий негизде талданып, изилдениш керек. Жарандык идентүүлүктүн көрсөткүчтөрү катары мекенчилдиктин, мамлекеттик тилдин, диндин ж.б. бүгүнкү күндөгү биздин коомубуздагы абалын аныктоо чоң мааниге ээ.

Кыргыз коомунун жарандык идентүүлүк маселеси, анын калыптанышы, абалы жана келечеги этностук кесилиште алгачкы ирет комплекстүү каралып, терең изилденип жатышы, ошондой эле коомдогу мекенчилдик, улуттук, жарандык, тилдик, диний идентүүлүктөр маселелеринин чечмелениши диссертациялык теманын **актуалдуулугун** көрсөтөт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен байланышы.** Диссертациялык иш автордун демилгелик изилдөө иши. Бирок, автор бир катар изилдөө проекттердин чегинде социологиялык иликтөөлөргө катышкан. Атап айтсак, КРнын БжИМ Илим департаментинин грантык каржылоосу менен жүргүзүлгөн: 1) «Цивилизация процессинде түрк дүйнөсүндөгү калктардын социалдык идентүүлүгү: Кыргызстандын мисалында» аттуу долбоордун негизиндеги социологиялык изилдөө,

жалпы Кыргызстан боюнча 2012-2013-жылдары жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөр; 2) "Кыргыз Республикасындагы жалпы жарандык иденттүүлүк маселелери" 2014-2015-жылдары; 3) Диссертациянын темасы боюнча автордун жүргүзгөн социологиялык изилдөөсү "Жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында", 2016-жыл.

Диссертациялык изилдөөнүн **максаты** туруктуу кыргыз мамлекетин куруугa, этностор аралык ынтымакты чыңдоого өбөлгө болуучу жарандык идентүүлүктүн маани-маңызын, абалын Кыргызстандагы негизги этностук топтордун мисалында илимий талдоо жана этностук айырмачылыктарын, алардын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо болуп саналат.

**Коюлган максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөндөгүдөй милдеттер аныкталды:**

- иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрүн социалдык билимдердин алкагында каралышын талдоо;
- жарандык иденттүүлүк маселеси, анын теориялык негиздери чет элдик жана кыргызстандык адабияттардын алкагында карап чыгуу жана талдоо;
- өткөөл мезгилдеги жарандык иденттүүлүктүн социалдык-демографиялык топтордогу абалын, калыптануу өзгөчөлүктөрүн иликтөө;
- азаттык мезгилиндеги коомдогу кыргыздардын жарандык идентүүлүгүндөгүн талдоо;
- өзгөрүлүп жаткан коомдо кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүндөгү этностук өңүттөрүн талдоо;
- кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүктүн абалынын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо;
- Кыргыз жараны иденттүүлүгүн калыптандырууга багытталган теориялык жана практикалык корутундуларды, сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациянын методологиялык негизи** катары түзүлүштүк-кызматтык парадигма, иденттүүлүк теориясы, ал эми эмпирикалык социологиялык изилдөө усулу катары массалык *сурамжылоо* колдонулган. Ошондой эле *документтерди талдоо* жана *байкоо* жүргүзүү ыкмалары колдонулду. Изилдөөнүн алгачкы сандык маалыматтары компьютердик SPSS программасында (22 версиясы) кайрадан иштетилип, эсептелген. Тандап алуу квоталык ыкма менен түзүлүп, тандалган жалпылык өзүнө 1200 адамды камтыды.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.**

Кыргызстанда жашаган негизги этностордун **кыргыз жараны** иденттүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук, социалдык-демографиялык топтордогу айырмачылыктары, өзгөрүү тенденциялары, себептери, натыйжалары, ошондой эле кыргызстандыктардын мекенге, мекенчилдикке болгон көз карашынын багыты биринчи жолу изилденди.

Диссертацияда жарандык иденттүүлүктүн пайда болуу жана өнүгүү багыттары изилденип, кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн аныктаган компоненттер боюнча, тактап айтканда, тили, маданияты, мекенчилдик салттары боюнча социологиялык талдоо жүргүзүлдү.

Ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн көрсөткөн факторлор, алардын мамлекеттүүлүктү бекемдөө, калктын биримдигин камсыздоо жана Кыргызстандын келечеги үчүн маанилүүлүгү жана керектүүлүгү кеңири изилдөөгө алынган.

**Коргоого чыгарылган негизги жоболор:**

1. Жалпы жарандык иденттүүлүк (бирдейлик) жарандык улуттун калыптанышынын өзөгүн түзгөн негизги категория.
2. Кайсы бир иденттүүлүктүн бошоңдошу зарыл түрдө экинчи бир иденттүүлүктүн жаралышына, жанданышына өбөлгө болот. Кыргызстанда советтик иденттүүлүктүн бошоңдошу менен улуттук иденттүүлүк күчтөндү.

3. Кыргыз коомунда, муундардын кесилишинде караганда, улуу муундарда жарандык кош идентүүлүк, тактап айтканда, «советтик» жана «улуттук» идентүүлүк, сакталса, ал эми жаштарда жарандык бир идентүүлүккө тартылуу орун алып, кыргыз жараны идентүүлүгү калыптанууда.

4. Кыргыз улутунда идентүүлүктүн аскриптивдик абалы, тубаса идентүүлүк, басымдуулук кылат, башкача айтканда, жарандык идентүүлүккө караганда уруулук аң-сезимге негизделген уруулук идентүүлүк үстөмдүү.

5. Кыргызстандын башка негизги этностук топторунда жарандык идентүүлүктүн деңгээли төмөн болуп, кош идентүүлүк сакталууда. Тактап айтканда, чет жакта мамлекеттүүлүгү болгон этностук топтордо, белгилүү деңгээлде, ошол мамлекеттер менен да өздөрүн жарандык идентештирүү калыптанган. Бул аларда кош жарандык идентүүлүктүн сакталышына шарт түзүүдө. Демек, Кыргызстанда калктын жалпы жарандык идентүүлүгүнүн деңгээли төмөн, бул жарандык улут андагы бардык этносторду камтый электигинен байкалууда.

6. Кыргыздардын азыркы учурда жарандык идентүүлүктүн орчундуу көрсөткүчтөрү болуп саналган мекенчилдик салттарында жана тилде, совет мамлекетинин кыйрашы менен жаралган, кризисттик абал сакталууда.

7. Кыргызстанда жалпы жарандык идентүүлүктүн деңгээли төмөн болгондугу мамлекеттин туруктуулугуна түздөн-түз залакасын тийгизип жатат. Жарандык идентүүлүктү, демек, жарандык улутту калыптандыруу боюнча практикалык иштер (мамлекеттик саясат) анын идеологиялык (теориялык) негизин түзүү менен коштолуш керек.

- **Диссертациялык кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдеринин доктору, профессор, Канатбек Азиз:** Урматтуу коллегалар! Диссертациялык иштин структурасы, маани-маңызы боюнча суроолор болсо изденүүчүгө берсеңиздер болот.

- **саясий илимдеринин доктору, профессор А.Б. Абдрашев:** Илимий изилдөөңүздүн методологиялык негизин айтып кетиңиз?

- **Изденүүчү С.М.Камчибекова:** изилдөөнүн методологиялык негизи катары түзүлүштүк-кызматтык парадигма, идентүүлүк теориясы жана социологиялык талдоонун методологиясы боюнча фундаменталдык жана теориялык жетишкендиктери болуп эсептелет. Ал эми эмпирикалык социологиялык изилдөө усулу катары массалык *сурамжылоо,* ошондой эле *документтерди талдоо* жана *байкоо* жүргүзүү ыкмалары колдонулду. Изилдөөнүн алгачкы сандык маалыматтары компьютердик SPSS программасында (22 версиясы) кайрадан иштетилип, эсептелген. Тандап алуу квоталык ыкма менен түзүлүп, тандалган жалпылык өзүнө 1200 адамды камтыды.

- **саясий илимдеринин доктору, профессор А.Д. Допонбаев:** Сиздин диссертациялык ишиниздин илимий жаңылыгы эмнеде?

- **Изденүүчү С.М.Камчибекова:** Негизги илимий жаңылыгы төмөнкүлөрдү камтыйт:

Кыргызстанда социология илиминде алгачкы жолу жарандык идентүүлүктүн маани-маңызы социологиялык өңүттө изилденди:

- социалдык билимдердин алкагындагы идентүүлүккө жана идентешүүгө болгон теориялык көз караштар талданып, системалаштырылды;
- жарандык идентүүлүктүн пайда болуу, өнүгүү багыттары жана адамдагы инсандык, социалдык, жарандык идентиктер жаңы көз караште каралды;
- кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүн аныктаган компоненттер (тили, маданияты, мекенчилдик салттары) боюнча социологиялык талдоо жүргүзүлдү;
- республикада жашаган негизги этностордун “Кыргыз жараны” идентүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук, социалдык-демографиялык топтордогу айырмачылыктары социологиялык жактан изилденди;

- кыргызстандыктардын мекенге, мекенчилдикке болгон көз карашынын багыты биринчи жолу изилденип, этностук кесилиште талданды;

- кыргыз жараны иденттүүлүгүнүн коомдун трансформация шартындагы өзгөрүү тенденциялары, себептери жана натыйжалары аныкталды;

- ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүнүн мамлекеттүүлүктү бекемдөөдөгү, калктын биримдигин камсыздоодогу орду жана Кыргызстандын келечеги үчүн маанилүүлүгү жана зарылдыгы кеңири талдоого алынды.

- **Диссертациялык кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдеринин доктору, профессор, Канатбек Азиз:** Урматтуу коллегалар, дагы суроолор барбы? Эгерде суроолор жок болсо анда эксперттердин корутундуларына көңүл бөлсөк.

- **социология илимдеринин доктору, профессор Р.Б. Салморбекова:** Урматтуу төрага жана диссертациялык кенештин мүчөлөрү. С.Камчибекованын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» аттуу темасындагы диссертациялык ишине болгон корутундум менен тааныштырууга уруксат бериңиздер. Аталган иш диссертациялык кеңештин профилине ылайык келет. Диссертациялык иште Кыргызстандагы жарандык иденттиктин абалы жана келечеги изилденип, талданган, ошондуктан иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигине дал келет.

Диссертациялык иште каралып жаткан көйгөй боюнча социологиялык талдоолор логикалык жактан ырааттуу каралып, маселенин бардык структуралык түзүмү боюнча ынанымдуу жыйынтыктар чыгарылган. Демек, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгарылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген десек болот.

С.Камчибекованын диссертациялык ишинин эксперти катары төмөндөгүдөй:

- **Жетектөөчү мекеме катары** Муса Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин “Коомдук илимдер” кафедрасын дайындоону;
- **Биринчи расмий оппонент катары** изилдөөнүн көйгөйлөрүнө жакын эмгектери бар 22.00.04 –адистиги боюнча социология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдеракадемиясынын Укук философия жана Социалдык саясий изилдөөлөр борборунун жетекчиси Омуралиев Нурбек Ашимкановичти сунуштайм.

Ал окумуштуунун төмөнкү эмгектери бар:

1. Основные элементы формирования общегражданской идентичности // Тенденции мировых интеграционных процессов: вызовы и возможности. Нур-Султан, Евразийский национальный университет им. Л. Н. Гумилева. 26 сентября, 2019 г. с.255-262.
2. К вопросу о стабилизации межэтнических отношений в Кыргызской Республике // Социальные и политические вызовы модернизации в XXI в. // Материалы международной научно-практической конференции. Бурятский научный центр Сибирского отделения РАН. Улан-Удэ, 06 -11 августа 2018 г. с. 151-153.(РИНЦ)
3. Проблемы формирования общегражданского единства Кыргызской Республики // Евразия и глобальные социально-экономические изменения. Материалы VII Международного Конгресса социологов тюркского мира, 12-13 марта 2020 года. Казань, 2020. (РИНЦ)

- **Экинчи расмий оппонент катары** изилдөөнүн көйгөйүнө жакын темадагы окумуштуу 22.00.04 - адистиги боюнча социология илимдеринини кандидаты Жусуп Абдырахманов атындагы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын Мамлекеттик башкаруу жана укук кафедрасы Мусаева Айгуль Каныбековна.

Ал окумуштуунун да социологиялык анализдер боюнча төмөнкү эмгектери бар:

1. Возможность развития фостерной семьи и Кыргызской Республике. –Б.:2018.С.172 (монография)
2. Модернизация оценки эффективности метного управления в контексте мировых стратегий //Формы и методы социальной работы в различных сферах жизнедеятеьности / Улан-Уде: Изд-во ВСГУТУ, 2018,С.267-268.ISBN 978-5-6041967-3-5. УДК:364.32
3. Социальные квалиметрия в процесс стандартизации государственных услуг в Кыргызской Республике //Вестник Академии государственного управление при Президенте Кыргызской Республике №25,2018,С.49-59.ISBN 1694-5433УДК 351:006.1(575.2) Elibrary ID:42320808 (макала)

- ***Диссертациялык* кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдеринин доктору, профессор, Канатбек Азиз:** Сөз кийинки экспертке берилет. Урматтуу Нурат Мендибаев, жогорку айтылган сунуштарга жана пикирлерге сиздин оюнуз кандай?

- **социология илимдеринин доктору, профессор Нурат Мендибаев:** С.Камчибекова диссертациясынын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундулаган, актуалдуу илимий изилдөө иш катары баалаcа болот. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген.

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер социология илиминде олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар автор тарабынан ынанымдуу ырасталган. Диссертанттын жекече салымы катары илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралып жаткан маселенин аспектилери, изилдөөчү тарабынан чогултулган материалдар системага келтирилип, диссертациянын структурасындагы иликтенүүчү окуялардын жүрүшү жалпыланып комплекстүү түрдө иликтенген.

Мен Салморбекова Рита Бобуевнанын жетектөөчү мекеме жана оппоненттер боюнча берген сунуштарына кошулам.

- **Диссертациялык кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдеринин доктору, профессор, Канатбек Азиз:** Сөз үчүнчү эксперт Ж.Жоробековго берилет.

- **Диссертациялык кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдеринин доктору, профессор, Канатбек Азиз:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Биз изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошовна “Жарандык идентүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө” деген темадагы диссертациялык иши боюнча өзүнүн баяндамасын угуп, ал иш боюнча берилген суроолорго изденүүчүнүн жоопторун алдык. Мындан сырткары диссертациялык кеңештин эксперттеринен изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошовна “Жарандык идентүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө” темасындагы 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий жана социологиялык илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуштоо боюнча пикирлерин уктук.

Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн корутундуларынын негизинде жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди дайындоо боюнча сунуштарын угуп, диссертациялык кенештин мүчөлөрүнүн макулдугу менен диссертациялык ишти алдын

ала коргоодон өттү деп эсептөө менен, изденүүчү С.М.Камчибекова диссертациялык ишин коргоого сунушталат, датасы иштөө тартибинде аныкталсын.

Добуш берүүңүздөрдү суранам: Катышкандар - 13, макул - 13, каршы – жок, калыс – жок. Бир добуштан кабыл алынды.

## ТОКТОМ ЧЫГАРЫЛДЫ:

1. Камчибекова Саипжамал Молдошовна 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өнүттө» деген темадагы диссертациялык иши боюнча эксперттик комиссиянын корутундусу бекитилсин.
2. Камчибекова Саипжамал Молдошовна 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өнүттө» деген темадагы социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий жана социологиялык илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинде корголсун. Датасы иштөө тартибинде аныкталсын.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**саясий илимдеринин доктору** **Ч.Ш.Абдыраманова**

Ч.Ш. Абдырамановнын колтамгасын тастыктайм
АРӨБ башчысынын у.б.м.а. Момункулова

АДАМ РЕСУРСТАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ РАЗВИТИЯ ЧЕЛОВЕЧЕСКИХ РЕСУРСОВ